УДК 070:316.346.2-055.1/.3(575.2)
DOI 10.35254/bsu/2025.74.4

***Алдашова Г.М.***
*Жусуп Баласагын атындагы КУУ,*
*журналистика жана коммуникация институту,*
*ага окутуучу*
*SPIN – код 8323-2812 , ORCID 0009-0005-2988-8693*

# МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТАРДАГЫ ГЕНДЕРДИК ТҮШҮНҮКТӨР: КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КААДА-САЛТЫНДА АЯЛ МЕНЕН ЭРКЕКТИН ОРДУ

**Кыскача мазмуну**

Макалада кыргыз элинин салттуу каада-салттарында, жөрөлгөлөрүндө жана гендердик тарыхынын өзгөчөлүктөрүндө аялдар менен эркектердин социалдык ролдорунун аныкталышы комплекстүү түрдө изилденет. Кыргыз коомунда бул ролдор тарыхый жактан патриархалдык социалдык структура аркылуу аныкталган: эркектер үй-бүлөнү материалдык жактан камсыз кылып, коомдук жашоодо доминанттуу лидердик позицияларды ээлешкен, аялдар үй чарбасын башкарып, балдарды тарбиялоого жооптуу болгон. Изилдөө массалык маалымат каражаттары бул салттуу түшүнүктөрдү чагылдырып, көпчүлүк учурда туруктуу гендердик стереотиптерди бекемдөөнү көрсөтөт. Бирок көз карандысыз ММК жарандардын гендердик аң-сезимин жогорулатууга жана гендердик теңчиликти активдүү алга жылдырууга салым кошот. Гендердик көйгөйлөр демократиялык коомго өтүүнүн табигый закон ченемдүүлүгү катары каралат, мында ММК социализация процессинде чечүүчү агартуучулук ролун ойнойт.

**Түйүндүү сөздөр:** коммуникациялык саясат, маданий инсандыгы, редакциялык практика, медиада көрүнүш, улуттук салттар, социалдык ишенимдер, дискурс анализи, медиа сабатты, үй-бүлөнүн баалуулуктары, демографиялык жүрүм-турум

***Алдашова Г.М.***
*КНУ им. Жусупа Баласагына,*
*Институт журналистики и коммуникации*
*старший преподавтель*

# ГЕНДЕРНЫЕ ПОНЯТИЯ В СРЕДСТВАХ МАССОВЫХ ИНФОРМАЦИЯХ: РОЛЬ МУЖЧИН И ЖЕНЩИН В ТРАДИЦИОННЫХ КЫРГЫЗСКИХ ОБЫЧАЯХ И ОБРЯДАХ

**Аннотация**

Статья комплексно рассматривает определение социальных ролей женщин и мужчин в традиционных кыргызских обычаях, обрядах и особенностях гендерной истории кыргызского народа. В кыргызском обществе эти роли исторически определялись патриархальной социальной структурой: мужчины обеспечивали семью материально и за-

нимали доминирующие лидирующие позиции в общественной жизни, женщины управляли домашним хозяйством и отвечали за воспитание детей. Проведённое исследование показывает, что массовые информационные средства отражают эти традиционные представления, часто закрепляя устойчивые гендерные стереотипы в обществе. Однако независимые СМИ способствуют повышению гендерного сознания граждан и активному продвижению гендерного равенства. Гендерные проблемы рассматриваются как естественная закономерность перехода к демократическому обществу, где средства массовой информации играют решающую просветительскую роль.

**Ключевые слова:** коммуникационная политика, культурная идентичность, редакционная практика, репрезентация в медиа, национальные традиции, социальные установки, дискурс-анализ, медиа-грамотность, семейные ценности, демографическое поведение

***Aldashova G.M.***
*KNU im. To Yusupa Balasag,*
*Institute of Journalism and Communication*
*Senior teacher*

## GENDER CONCEPTS IN THE MEDIA: THE PLACE OF WOMEN AND MEN IN THE CUSTOMS OF THE KYRGYZ PEOPLE

**Abstract**

The article comprehensively examines the definition of social roles of women and men in traditional Kyrgyz customs and rituals. In Kyrgyz society, these roles were historically determined by patriarchal social structure: men provided for families materially and occupied dominant positions in public life, while women managed households and raised children. The research demonstrates that mass media reflect these traditional perceptions, often reinforcing persistent gender stereotypes. However, independent media contribute to raising citizens' gender consciousness and actively promoting gender equality. Gender issues are considered a natural pattern of transition to democratic society, where mass media play crucial educational roles in socialization.

**Keywords:** communication policy, cultural identity, editorial practice, media representation, national traditions, social attitudes, discourse analysis, media literacy, family values, demographic behavior

Каада-салт, маданий баалуулуктар жана үрп-адаттар - ата-бабаларыбыздан мурас болуп калган, коомдук жашоонун түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген руханий жана социалдык феномендер болуп эсептелет. Бул элементтер адам баласынын жүрүм-турум эрежелерин, оң жана терс сапаттарын, адеп-ахлагын, түшүнүктөрүн жана маданиятын камтыйт. Кыргыз элинин кылымдар бою сактап келген салттары жана үрп-адаттары жөн гана жөрөлгөлөр эмес, улуттук аң-сезимдин, руханий дүйнөнүн жана жашоо образын аныктаган негизги таянычтардын бири болуп саналат. **"Салт бузулса — эл бузулат, салт жоголсо — эл жоголот"** деген накыл сөздүн артында терең философия жана улуттун тагдырына байланышкан түшүнүк жатат. Кыргыз коомунун түзүлүшүндө салттардын, алардын ичинен аял менен эркектин ролдорунун мааниси өзгөчө. Бул ролдор элдик таж-

рыйбага, муундан муунга өткөн тарбиялык механизмдерге негизделип, коомдогу туруктуулукту жана тартипти камсыз кылып келген.

Кыргыз элинин этнос катары калыптанышы татаал жана көп кылымдык процессти камтыйт. Уламыштарда, эпикалык мурастарда жана тарыхый фактыларда кыргыз эли өзүнүн маданияты, тили, дини жана салт-санаасы менен өзгөчөлөнүп, өз алдынча руханий дүйнөсүн жана коомдук түзүлүшүн сактап калган эл катары мүнөздөлөт.

Ата-бабалардан мураска калган үрп-адаттар жана ырым-жырымдар аркылуу кыргыз эли дүйнө таанымын билдирип келген. Бирок, тарыхтын айрым мезгилдеринде, айрыкча совет доорунда жана эгемендүүлүккө чейинки саясий шарттарда, бул салттар өзгөрүүгө жана кээ бир учурларда трансформацияга дуушар болгон. Бүгүнкү глобалдашуу шартында салттуу баалуулуктарга таасир тийгизүүчү факторлор, анын ичинде массалык маалымат каражаттары (ММК), өзгөчө роль ойнойт.

Интернет жана ММК аркылуу тараган батыштык жана чыгыштык идеологиялык агымдар анын ичинде гендердик ролдорду бурмалоо, трансгендердик тенденциялар жана бир жыныстуу нике сыяктуу көрүнүштөр кыргыз коомунун салттуу түшүнүктөрүнө каршы келген жат баалуулуктарды жайылтууда. Бул процесстер жаштардын аң-сезимине таасир берип, улуттук идентификацияны солгундатып, руханий жарака жаратууда.

ММК бул учурда коомдогу маанилүү институт катары салттуу баалуулуктарды сактап калууда жана коомго туура нук көрсөтүүдө чоң жоопкерчиликке ээ. Ар бир жаран, ар бир ата-эне өзүнүн ким экенин, тарыхый тамырын жана руханий негиздерин аңдап, ата-бабалардан калган дөөлөттөрдү кийинки муунга өткөрүп берүү менен улуттук идеологияны чыңдоого милдеттүү. Кыргыз элинин жашоо образында үй-бүлө — коомдун пайдубалы катары эсептелет. Бул жагдай үй-бүлөгө байланышкан каада-салттарда өзгөчө чагылдырылат.

**Кыз узатуу салты**

Кыргыз элинде кызга байланышкан салттар өзгөчө урмат жана маани менен каралат. Аял заты коомдо жана үй-бүлөдө ыйык статуска ээ. “Кыздын кырк чачы улуу” деген түшүнүк аркылуу кыз баланы жогорку деңгээлде урматтоо жана ызат көрсөтүү зарылдыгы белгиленет.

Кыз узатуу салты — кыргыз элинин үй-бүлөлүк жана коомдук түзүлүшүндө маанилүү орунду ээлеген жөрөлгөлөрдүн бири. Бул салт кыздын ата-энеси, туугандары менен коштошуп, башка үй-бүлөгө бүлө болуп кетүүсүн билдирет. Салтта **“Чыккан кыз чийден тышкары”, “Кыз башка элдин кишиси”** деген элдик макалдар кыздын жаңы үй-бүлөдөгү ролуна жана анын коомдук маңызын билдирет. Кызды узатууда ар кандай каада-жөрөлгөлөр, ыр-бийлер, бата-тилектер, салттуу формалдуулуктар коштолот.

Заманбап кыргыз коомунда кыз узатуу салты бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болду. Айрым учурларда бул жөрөлгө жөнөкөйлөтүлүп, негизги үйлөнүү тоюнун бир бөлүгүнө айланууда. Бирок бул салтты социалдык тармактар аркылуу жайылтуу аны кайрадан популярдуу кылып, маданий мурастын жашоодогу актуалдуулугун сактап калууга өбөлгө түзүүдө.

**Келин алуу салты**

Келин алуу салты — кыргыз элинин үй-бүлө түзүү маданиятында өзгөчө маниге ээ. Бул салт жаңы үй-бүлөнүн пайдубалын түптөө жана эки уруу же эки үйбүлөнүн биригүүсүн камсыз кылуу менен коомдук байланыштарды бекемдеген иш-чара болуп саналат [1].

Келинди тосуу өзүнчө салтка айланган. Келин үйгө келгенде чачыла чачылат, жоолук салынып, оозуна май салынат, отко май тамызылат. Бул жөрөлгөлөр келиндин

үйгө кут алып келиши, анын баскан жолу жарык болсун деген тилектер менен коштолот. Улуу байбиче келинди үйгө баштап кирип, жүгүнтүлүп, ак батасын берет. Бул аракеттер келиндин жаңы коомдук статусун, тарбиясын жана наркын аныктап, ага жүктөлгөн милдеттерди коомчулук алдында тастыктоону билдирет.

Бул жөрөлгөдө аял менен эркектин ролдору даана бөлүнүп, коомдук гармония жана жубайлардын өз ара урмат-сыйы бекемделет. Аял жана эркек ролдорунун маданий контекстинде карасак, кыргыз коомунда аял жана эркектин ролдору тарыхый, маданий жана социалдык факторлор менен калыптанган.

**Аялдардын ролу**

Кыргыздардын салттуу коомунда аялдардын жана эркектердин ролдору так бөлүнгөн. Аялдардын ролу кыргыз коомунада маанилүү болгон. Аял бул үй-бүлөнүн уюткусу катары, аялдар үйдө жашоо шарттарын түзүү жана балдарды тарбиялоо милдетин аткарышат. Мисалы, үйдүн тазалыгын сактоо, тамак-аш даярдоо, кийим тигүү жана башка үй жумуштары аялдардын негизги милдети болуп саналып келет. Ошондой эле эркектердин ролун толуктоо дагы аялдын мойнуна жүктөлүп келген. Кыйын учурларда, эркектердин жоктугунда, аялдар алардын ролун аткарууга да мажбур болушкан. Мисалы, согуш жана башка оор мезгилдерде аялдар мал чарбасын карап жана башка оор иштерди аткарып келишкен.

**Эркектердин ролу**

Эркектер негизинен үй-бүлөнүн башчысы, экономикалык камсыздоочу жана коомдогу лидерлик позицияны ээлешкен Алардын негизги милдеттери: Эркек үй-бүлөнү материалдык жактан камсыз кылууга, үй-бүлөөнү коргоого жана колдоого жоопту. Мал чарбачылыгы, жер иштетүү жана башка экономикалык иштер негизинен эркектердин милдети болуп келген. Ошондой эле үй-бүлөлүк маселелер боюнча негизги чечимдерди эркек кабыл алып, анын сөзү акыркы болуп эсептелинет. Бул анын үй-бүлөдөгү бийлигин жана жоопкерчилигин көрсөтөт. Балдарды тарбиялоодо, айрыкча уул балдардын тарбиясында эркек чоң роль ойнойт. Ата уул балдарды үйрөтүү, дүйнө таанымын калыптандырууда таасир этүү үчүн жоопкер болот.

Кыргыз коому тарыхый жана маданий жактан патриархаттык коом болуп калыптанган. Патриархаттык коомдо социалдык, саясий жана экономикалык бийлик негизинен эркектердин колунда болуп, аялдарга карата социалдык ролдор, милдеттер жана жоопкерчиликтер эркектер тарабынан аныкталып келген. Байыркы кыргыз коомунда эркектер аскердик иштер, малчылык жана коргоо менен алек болушса, аялдар үй-бүлөнү багуу, бала тарбиялоо жана үй иштерин аткарышкан. Мисалы, "Манас" эпосунда да эркектердин жана аялдардын ролдору так бөлүнүп көрсөтүлөт. Манас баатыр кыргыз элинин эркиндиги үчүн күрөшкөн легендарлуу каарман болуп саналат. Ал эркек мүнөздүн үлгүсү катары таанылып келет. Ал эми Каныкей – акылман, сабырдуу жана туура жолду көрсөткөн аял. Анын акыл-эс, ошондой эле сезимталдык жана чынчылдык сапаттары Манастын жеке жана коомдук жетишкендиктерине чоң жардам берип келгендигин белгилейт.

Салттуу коомдо аял үй-бүлөнүн уюткусу катары саналса, эркек – үй-бүлөнүн жана коомдун лидери катары көрсөтүлөт. Эркектер материалдык камсыздоо, коргоо жана коомдук лидерликти өзүнө алса, аялдар үй-бүлөнүн ички түзүмүнө жана балдарды тарбиялоого жооптуу болгон [1].

Гендердик ролдордун эволюциясында жана ММКнын ролунда алып карала турган болсо, Совет мезгилинде гендердик ролдор олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Аялдар коомдук эмгекке тартылып, саясий, экономикалык жана маданий

чөйрөлөрдө активдүү иш алып барышты. Алар мугалим, дарыгер, механизатор, учкуч жана башка кесиптерди аркалап, ММКда да мыкты эне, мыкты жубай образы катары кеңири чагылдырылган. Советтик пропаганда салттуу баалуулуктар менен жаңы социалисттик идеологияны айкалыштырып, аялдын коомдогу ордун жаңычыл формада көрсөтүүгө умтулган. Бирок СССРдин кулашы менен, 1990-жылдардан кийин, гендердик ролдор дагы бир ирет өзгөрүүгө дуушар болду [2]. Кризис жана жумушсуздук шартында аялдар көбүнчө үй-бүлөнү багуучу ролго өтүп, эркектердин коомдогу салттуу ролу начарлап, социалдык тең салмактуулук бузулду.

Аялдардын оор шартта үй-бүлөнү камсыздоого мажбур болушу, ден соолугуна жана социалдык функцияларына терс таасирин тийгизди. Мындай шартта эркектин үй-бүлө ичиндеги чечүүчү ролу солгундап, балдардын тарбиясына жана үй-бүлөнүн ынтымагына байланышкан олуттуу көйгөйлөр жаралды.

Массалык маалымат каражаттары бул мезгилдеги коомдук көрүнүштөрдү чагылдырууда ар түрдүү аспектилерге көңүл буруп келишти. Айрыкча үй-бүлөлүк зомбулук, ажырашуу, миграциянын кесепттери, атасыз калган балдардын көйгөйлөрү, үй-бүлөлүк структуранын өзгөрүшү сыяктуу темалар ММК аркылуу активдүү талкууланып келген. ММКда талкаланган тагдырлар, зомбулукка кабылган аялдар жана балдар тууралуу материалдар коомдогу социалдык көйгөйлөрдү коомдук аң-сезимге алып чыгууда чоң роль ойноп жатат [2].

Мисалы, Сыдыкбаев Ч. М. менен Ысырайылова Н. С., “Гендер маселеси Кыргызстандын массалык маалымат каражаттарында” аттуу макаласында мамлекеттик ММКларда гендер маселесин чагылдырууда конструктивдүүлүк, коомду консолидацияга чакыруу менен гендердик тең укуктуулукка чакыруу сыяктуу маалыматтар берилген. Авторлор маалымат каражаттары негизинен саясатка басым жасалып, адам укуктарына жана гендер көйгөйүнө байланышкан маселени чагылдыруу көпчүлүк учурда дүйнөлүк ММКнын экинчи үчүнчү планында калып келгенин белгилешкен. Анын себеби, биринчиден, күндөлүк саясий жаңылыктардан тарта жеңил көңүл ачуучу кабарларга көбүрөөк артыкчылык берилгендиги менен түшүндүрүлсө, экинчиден адам укугу маселесин чагылдыруу татаал жана көп талаш-тартыштарды жаратат деген пикир коомдо орноп калгандыгын дагы белгилешкен.

Ал эми гендердик курч көйгөйлөрдү чагылдырууда коомчулуктун кыжырына тийип алуудан чоочуп, маалыматты шар берүүдөн чочулап, алардын маалыматы радио жана ТВ же гезит редакторлорунун талабына жооп бербейт деген шылтоо менен четке кагылып келгенин айтышкан. [3].

ММК аркылуу түзүлгөн гендердик стереотиптер дагы коомдук аң-сезимге түздөн түз таасир этет. Телеберүүлөрдө, кинолордо жана жарнамаларда аялдар негизинен үй тиричилиги менен алек, сулуулугу менен бааланган, коомдук турмушка активдүү катышпаган образдарда сүрөттөлөт. Тескерисинче, эркектер — күчтүү, чечкиндүү жана лидерлик сапаттарга ээ инсандар катары көрсөтүлөт. Бул салттуу ролдорду кайталоо жана бекемдөө аркылуу массалык маалымат каражаттары гендердик тең укуктуулуктун өнүгүшүнө тоскоолдук жаратып келет.

Мисалга, “Вечерний Бишкек” гезитинин 2022-жылдын 16-сентябрындагы санында жарык көргөн “Роза Отунбаева талиптер менен иштеше алабы?” аттуу макалада, профессионалдуу дипломат, өлкө башчысы болгон аялдын жөндөмүнө күмөн саноо гендердик дискриминациянын белгиси катары кабылданат [4]. Макалада Р. Отунбаеванын талиптер менен

сүйлөшүүлөрдү жүргүзө алар-албастыгы тууралуу суроолор анын жеке жана профессионалдык сапаттарынан эмес, жынысына байланыштуу коюлуп жатканы баса белгиленген. Бул коомдо терең тамыр жайган гендердик стереотиптерди жана аялдардын кесипкөйлүгүн эркектер менен салыштырганда төмөн баалоо тенденцияларын чагылдырат.

Мындан тышкары, ММК аялдардын образын көп учурда сырткы келбетине таянып көрсөтөт. Жарнамаларда аялдардын сулуулугу жана үй жумуштарына байланыштуу атрибуттары (идиш-аяк, тазалоочу каражаттар ж.б.) көбүрөөк пайдаланылат. Бул стереотиптер аялдардын коомдогу башка интеллектуалдык, илимий, саясий, лидерлик ролдорунун баалуулугун көмүскөгө калтырат [5].

"Гендердик теңчилик" түшүнүгү кыргыз коомунун менталитетине толук шайкеш келбей, көп учурда жат баалуулук катары кабылданат. Бул маселени изилдеген аймактык лидер аялдар өздөрүнүн коомдук активдүүлүгүн арттырган учурда эркектердин ролун төмөндөтпөстөн, тескерисинче, алар менен иштешүүнүн маанилүүлүгүн белгилешкен.

Жергиликтүү лидер аялдардын билдирүүсүндө: “Биздеги гендердик теңчилик батыштык түшүнүктөн айырмаланат,” — деген сөздөр алардын социалдык ишмердигинде салт-санаага негизделген мамилелерди сактап келерин көрсөтөт [6].

Салттуу коомдогу аял-эркек ортосундагы кызматташтык жана өз ара урматтоо негизиндеги бирдиктүү аракеттер бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготкон жок.

Ошондуктан, үй-бүлө институтун сактап калууда жана коомдо салттуу баалуулуктарды калыптандырууда массалык маалымат каражаттарынын жоопкерчилиги жогору. ММК жана социалдык тармактар аркылуу аял-эркектин ортосундагы тең салмактуулукту, өз ара колдоону, биргелешкен чечим кабыл алууну чагылдырган мазмундуу материалдар активдүү берилип турушу керек.

Кыргыз элинин байыртан бери сактап келген каада-салттары — бул улуттук өзгөчөлүктөрдү жана маданий мурастарды сактоодо негизги таяныч болуп келген. Элдин руханий жана социалдык биримдиги, маданияты жана жашоо образы дал ушул каада-салт аркылуу калыптанган. Ата-бабалардын тарыхый акыл-насааты, үрп-адаттары, руханий мурастары азыркы муун тарабынан өздөштүрүлүп, кийинки муундарга өткөрүлүп берилиши — коомдун туруктуу өнүгүшүнө багыт берет.

Ал эми, биздин ата-бабалар илгери эле касиеттүү боз үйүбүздү аял жана эркекке тең бөлүп берген. Үй-бүлө да аял менен эркектен түзүлүп, бири-бирин колдоп турганда гана куттуу очок болуп эсептелет жана боз үйдөй биримдикти түзүп келет. Бул кыргыздардын гендердик толуктоого негизделген дүйнө таанымын айгинелейт. Кыргыз коомунда аял — коломтонун сакчысы, акылман кеңешчи, үй-бүлөнүн уюткусу катары ар дайым жогору бааланып келген.

Учурда гендердик түшүнүктөр заманбап коомдун талабына ылайык өзгөрүп жаткандыгына карабастан, кыргыз коомунда аял менен эркектин өз ара толуктап турган салттуу ролдору коомдук туруктуулуктун негизги фактору бойдон калууда. Андыктан, аялдын абийирин, кадырын жана коомдогу ордун сыйлоо — эркек үчүн милдет, улуттук намыс маселеси катары кала бериши зарыл. Камчыбек көкжал аялынын бир карыш чачы үчүн өз жанын аябагандыгы кыргыздын аялзатына болгон терең сый-урматын чагылдырган символ катары калууда [7].

Кыргыздын аруулугу жана келечеги бул аялзатынын колунда. Ошондуктан, аял менен эркек ортосундагы гармония, өз ара урматтоо жана салттуу баалуулуктарды сактоо улуттук туруктуулуктун негизги шарттарынын бири бойдон кала берет.

**Адабияттар**


1. Жумабаева, Г. Кыргыз салттары жана гендердик социализация маселелери / Г. Жумабаева // Тарых жана маданият. – 2021. – № 2.
2. Коомдун гендердик маселелерди кабыл алуусу : улуттук иликтөөнүн жыйынтыктары. – 2016.
3. Сыдыкбаев, Ч. М. Гендер маселеси Кыргызстандын массалык маалымат каражаттарында / Ч. М. Сыдыкбаев, Н. С. Ысырайылова // Alatoo Academic Studies. – 2022. – № 3. – Б. 335–343.
4. Сможет ли Роза Отунбаева работать с талибами? – Текст : электронный // Вечерний Бишкек. – URL: https://www.vb.kg/doc/422551_smojet_li_roza_otynbaeva_rabotat_s_talibami.html (дата обращения: 10.10.2025).
5. NDP Kyrgyzstan – Гендердик теңчилик боюнча аналитикалык баяндамалар. – Текст : электронный. – URL: https://www.kg.undp.org (дата обращения: 11.10.2025).
6. Гендер маселелери боюнча макалалар. – Текст : электронный // Media.kg ; Kloop.kg. – URL: https://www.google.com/search (дата обращения: 12.10.2025).
7. Отныне перевороты вы будете видеть только во сне, - президент. – Текст : электронный // Вечерний Бишкек. – URL: https://www.vb.kg/doc/452384_otnyne_perevoroty_vy_bydete_videt_tolko_vo_sne_prezident.html (дата обращения: 13.10.2025).